***А.Б. Абдрашев***

## Ишмердүүлүктүн калыптанышы – окуп үйрөнүүнүн мазмуну катары

Окуп үйрөнүүдө окуучулар белгилүү билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушат. Сыртынан караганда мугалим окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү билип жаткансып көрүнөт, анткени окуганга чейин алар окуучуларда жок болчу, окуткандан кийин гана алар пайда болду. Чындыгында алып караганда бул процесс бир кыйла татаал. Мисалы, билимди алып карасак, Кыргызстандын белгилүү педагогу окумуштуу И. Бекбоев айткандай билим – бул окуучунун мээсинде болуп өтүүчү психологиялык процесстин натыйжасы.

Демек, билим окуучунун өзүнүн активдүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасында гана пайда боло алат. Ошондуктан окутуу окуучу менен окутуучунун ортосундагы өз ара аракеттенишүү процесси болуп эсептелет да, окуучунун өзүнүн окуп үйрөнүүсүнүн натыйжасында гана окуучуда белгилүү билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр пайда болот. Мугалим бар болгону окуучунун ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын) уюштурат, багыттайт жана көзөмөлдөйт, зарыл болгон каражаттарды жана маалыматтарды камдап берет. Окуучуда окуп үйрөнүү аракети жаралат. Алар алгач жекече иштейт, кийин жупта талкуулашат жана топко алып чыгышат.

Ар кандай иш – аракетте өз ара байланышкан эки процесс болот: калыбына келтирүүчү (кайталоочу) жана чыгармачылыктуу.

Калыбына келтирүүчү иш – аракетте адам буга чейин мурда иштеп чыккан ыкмаларды, фактыларды, түшүнүктөрдү кайра эстеп калыбына келтирет же кайталайт. Чыгармачылыктуу ишмердүүлүк болсо мындан айырмаланат, мында ал кандайдыр бир жаңы нерсени түзүүгө багытталат.

Учурда орто мектептерде билим берүүнүн негизги парадигмасы болуп, окуучулардын инсандык сапатын көрсөткөн образы эсептелет. Ал образ окуу ишмердүүлүгүнүн жана таанып билүү чындыгынын белгилүү түрүнө дал келүүсү керек (Дик, 1999).

Ушуга ылайык ар бир предмет боюнча билим берүүнүн мазмуну ар бир тема, курс үчүн атайын тандалган өнүктүрүүчү билгичтикке ээ болуш керек.

М: Билгичтик фактыларды табат, суроо бере алат, кубулуштун бүтүндүүлүгүн көрөт, коюлган милдеттерди чечүүдө керектүү жолду тандайт ж.б.

Демек, окуу программасында окуп үйрөнүүнүн ишмердүүлүк мазмуну билим берүүнүн жалпы жана предметтик мазмунунун зарыл компоненти болушу керек. Учурдагы дидактикада жана предметтик методикада акыркы мезгилдерде таасирленүү жана өнүгүү окуучуга активдүү таасир этүүчү идея бар. Ал идея окуу процессине ишмердүүлүк жолу менен кирет. Мындай идея жалпы билим берүүчү мектептерде бүтүндөй инсандын гармоникалык өнүгүүсүн камсыз кылууда жаралат.

Психологдор Л.Н.Рубинштейн, А.Т.Каволева, В.Н.Мясиүеванын жыйынтыгы боюнча: Инсандын структурасына дидактикалык таасир этүү системалуу жана багыттуу болушу керек.

Ишмердүүлүк мектеп окуучуларынын билим алуу мазмунунун негизги составдык бөлүгү. Мектеп окуучуларынын окууга карата ишмердүүлүк мамилеси орус психологдору тарабынан XX – кылымдын 60 – жылдарында пайда болгон. А.Н. Леонтевдин адамдын иш аракетин жалпы түзүүдөгү психологиялык концепциясы – билгичтиктердин структуралык өзгөчөлүктөрү боюнча көптөгөн изилдөөлөрдүн негизи болгон. Е.Н.Кабанова – Мюллердин, В.М. Когандын ж.б. эксперименталдык изилдөөлөрү боюнча билгичтикке, көндүмгө каныккан билим алуу адамдын ой жүгүртүүсү жана байытылган кругозору менен байланыш.

Ал эми, Н.А. Менчинской жана Д.Н. Богоявленскийдин изилдөөлөрүндө билгичтиктин калыптанышынын шарты катары өз алдынча окуу жана алган билимин практикада чыгармачылык менен пайдалануу каралган. П.Я. Гальпериндин,
А.А. Люблинскийдин, А.И. Раевдин, В.В. Давыдовдун иштеринде окуучулардын, анын ичинде төмөнкү класстын окуучуларынын акыл ишмердүүлүгүнүн калыптануусунун шарттары аныкталган.

Акыл эс жагынан өнүгүүнүн негизги шарты болуп жалаң эле билимдүү болуу жетишсиз, ал үчүн интеллектуалдык билгичтик жана көндүм калыптанышы керек.

Ишмердүүлүк адамдын түрдүү аракеттеринен көрүнөт. Психологдор айткандай каалаган жыйынтыкка жетүү үчүн адам белгилүү бир физикалык аракетти аткарууда түрдүү акыл эс операцияларын пайдаланат, максаттуу, ыкмаларды тандайт, аларды ылайыктуу катарга коет, максатка жетүү үчүн багытталган темпти ылайыктайт. Мындай акыл эстүү ишмердүүлүк практикалык иш аракеттен айырмаланып, аң сезимдүү, ойлонулган ишмердүүлүккө айланат.

Изилдөөчүлөрдүн бир тобу көндүмдөн кийин билгичтик пайда болот, дешсе, кээ бирлери билгичтик көндүмдөн мурун жаралат дешет.

Мындай эки ача ой пикирлердин жаралышынын себеби: «билгичтик» түшүнүгүн көп маанилүүлүгүндө жана анда ишмердүүлүктүн түрүнүн көп болушунда.

Билгичтик - ишмердүүлүктү аткаруунун элементардык деңгээли жана кандайдыр бир иш аракетте адамдын чыгармачылыгы.

Бул эки маанидеги билгичтиктин ортосунда сапаттуу айырма жана анын көп жылдык көндүмдөрүнө толгон психологиялык структура жатат. Билгичтиктин психологиялык структурасына билим, чыгармачылык ой жүгүртүү кирет. Кандайдыр бир ишмердүлүктү үйрөнүүгө киришүүдө алгач, анын максатын аныктап, андан кийин түшүнүп, кантип ишке ашыраарын, кандай катарлуулук аткарылаарын жана аткаруу техникасы жөнүндө түшүнүктү алуу абзел. Жумушту өздөштүрүү менен окуучулар ага өзүндө болгон билгичтиктерди, көндүмдөрдү ылайыктайт жана жетишпегендерин жаңы шарттарда калыптандырат.
Ар бир билгичтик бир нече этаптарда калыптанат жана ар бир этапка тиешелүү психологиялык структурасы болот.

**Билгичтиктин калыптануусу:**

| **Этаптары** | **Психологиялык структурасы** |
|---|---|
| 1. Алгачкы билгичтик | Аракеттин максатын билүү, аны аткаруу жолун изилдөө, өзүндө мурда болгон (көбүнчө турмуш тиричиликтеги) билимине, билгичтикке таянат. Ишмердүүлүктөгү каталар болот, аны сыноо жасоо менен аткарат |
| 2. Анча билбеген иш аракет | Аракетти аткаруу жолу жөнүндөгү, мурдагы билгендерин колдонуу жөнүндөгү жана иш аракеттеги көндүмдөрдүн атайын эместиги жөнүндөгү билимдер |
| 3. Өзүнчө жалпы билгичтиктер | Түрдүү иш аракеттер үчүн зарыл болгон кээ бир жогорку деңгээлде уюштурулган көндүмдөр (М: өзүнүн ишмердүүлүгүн пландоо, уюштургуч билгичтиктери) |
| 4. Жогорку деңгээлде өнүккөн билгичтиктер | Ишмердүүлүктө билимди, билгичтикти чыгармачылык менен колдонуу, ийгиликке жетүү жолунун максатын эле койбостон, мотивин да тандоо |
| 5. Чеберчилик (мастерство) | Түрдүү билгичтикти, көндүмдү, билимди ишенимдүү түрдө чыгармачылык менен пайдалануу |

Үйрөтүүдөгү билгичтик – обьект менен болгон жөнөкөй аракет. Бирдей шартта, бирдей аракетти улам – улам кайталоодон билгичтик тез – тез аткарылып, ой жүгүртүү эмгегин аз талап кылат, башкача айтканда эркин болуп, автоматташып калат. Мындай, көп кайталоодон автоматташкан аракетти **көндүм** деп атайбыз.

Билгичтиктин, көндүмдүн өчүп калышынын себеби, аны узак убакытта колдонбой коюу же ишти мажбурлап тез темпте, чарчатып, басым жасап аткартуу.

Өнүктүрүлгөн билгичтик менен көндүм мурдагы өзүндө болгон билими менен дайыма аракеттенет. Жаңы билгичтиктин, көндүмдүн өздөштүрүлүшү жана калыптангандары менен аракеттенүүсү билгичтиктин, көндүмдүн берилиши болуп эсептелет.

Ар бир билгичтиктин көндүмгө айлануу процесси бир нече этаптан турат

**Көндүмдөрдү калыптандыруу:**

| Этаптары | Аракетти аткаруу өзгөчөлүктөрү |
|---|---|
| 1. Көндүмдүн башталышы | Максатты так түшүнөт, бирок, максатка жетүү жолун бүдөмүк көрөт. Аракетти аткарууда одоно каталарды кетирет. |
| 2. Аң сезимдүү аракет, бирок аткарганды биле албайт | Аракетти кантип аткарууну так түшүнөт, бирок аны так, туруктуу аткара албайт. Интенсивдүү концентрацияланган чаржайыт көңүл коюу, көптөгөн ашыкча кыймылдар бар, белгилүү көндүмдүн берилиши жок |
| 3. Көнүгүү жолу менен көндүмдү автоматташтыруу | Аракетти аткаруу улам – улам сапатуу болот, чар жайыт көңүл коюу убакыттын өтүшү менен бир бүтүнгө айланат, ашыкча кыймылдар жоголот, көндүмдөрдүн берилиши оң жакка чечилет |
| 4. Жогорку автоматташкан билгичтик - көндүм | Аракеттин аткарылышы так, үнөмдүү, туруктуу, татаалданган болот. Жаңы ситуацияда ишенимдүү колдонот. |

Психологдор аракеттин түрүнөн көз каранды болгон түрдүү билгичтикти жана көндүмдү айрымалашат:

- интеллектуалдык (ой жүгүртүү жана эске тутуу)
- сенсордук (кабыл алуусу боюнча аракет)
- кыймылдык.

Бардык билгичтиктер, көндүмдөр практикалык иш аракетте гана калыптанат, ал окутуу жана көнүгүү методдору менен ишке ашат. Максатка багытталбаган иш аракеттер билгичтикти да, көндүмдү да пайда кылбайт.

Билгичтик жана көндүм улам кайталоодон пайда болот, кайталоо  токтосо эле ал иш аракет бузулат.

Демек, билгичтик менен көндүм – бул окуучулардын алган билиминин негизинде түрдүү ишмердүүлүктү аткаруудагы жөндөмдүүлүктөрү. Ал эми окуучулардагы пайда болгон билгичтиктер жана көндүмдөр улам жаңы билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандырат да билимдерин жаңы ситуацияда колдоно алышат.

Окуучулардын ишмердүлүгүнүн негизги түрлөрүнө – сүйлөшүү, оюн, окуп үйрөнүү жана эмгек кирет.

Сүйлөшүү – маалымат алышуунун түрү, коммуникациянын формасы.

Сүйлөшүүнүн бир нече түрү бар: интеллектуалдык, эмоционалдык, образдык, ассоциативдүү. Сүйлөшүү – иш аракеттин негизги түрү, билим берүү процессинде, билимди өздөштүрүүдө негизги шартты сөз, айтып берүү түзөт.

Эмгек - адамдын турмушунда негизги ролду ойнойт. Оюн жана үйрөнүү – эмгекке даярдануу, ал эмгектен жаралган. Өзгөчө оюн балдардын кээ бир предметтерге кызыгуусун пайда кылып, аң сезимдеринин өсүшүнө активдүү таасир этип, баарлашууга, эмгектенүүгө даярдайт.

Окуп - үйрөнүү коом талап кылгандай адамдардын өзүнүн аң сезимин өстүрүүдөгү тарыхый, шартталган ишмердүүлүктүн түрү.	Бул жол менен аң сезимдүү инсан катары өнүгүү болот, адамзатта теориялык, практикалык тажрыйба артат.

Окуп - үйрөнүү процессинде – өзгөчө окуу ишмердүүлүгү, анда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууну камсыз кылуунун максаты, мазмуну, принциптери, методдору жана окуу иштерин уюштуруунун формалары жатат. Азыркы окуп үйрөнүүнүн процесси жаңы Л.С. Выгодскийдин, Жан Пияженин, Бенджамен Блумдун, Гарвард Гарднердин, Ульям Глассердин баланын өнүгүүсү тууралуу теорияларына таянат.

Окуп үйрөнүү процессинин бардыгы инсанды өнүгүүгө алып келет. Ошондуктан, үйрөнүү оюндан, эмгектен ж.б. максаттардан өзгөчөлөнүп турат. Демек, үйрөнүү үчүн окуучулардын жана мугалимдин  чымыркаган күчү талап кылынат.

Окуу ишмердүүлүгүнүн мазмуну түрдүү тарыхый мезгилдерде жана түрдүү мамлекеттерде жашаган элдин муундан – муунга топтолгон тажрыйбасынан чогулган белгилүү билимдердин системасын окуучулардын өздөштүрүүсү болуп эсептелет.

Ар бир өсүп келе жаткан муун өткөндөрдүн тажрыйбасын даяр түрдө алат, ошол билимдерге ээ болот, аны өздөштүрөт. Мына ушунун өзү окуп үйрөнүүнүн аракетинин же ишмердүүлүгүнүн мотиви жана максаты болуп эсептелет.

Учурдагы жаңы педагогикалык психологияда айтылгандай ар бир жаш курак мезгили - өзүнө мүнөздүү ишмердүүлүккө ээ болот: мектепке чейинки куракта – оюн, кенже класстарда – үйрөнүү, орто класстарда – пикир алышуунун түрдүү формалары эсептелет. Ал эми жогорку класстарда негизги окуу ишмердүүлүгүнүн формасы болуп, окуучулардын өз алдынча нравалык ойлонуулары жана баа берүүлөрү эсептелет.

Мындай айтылганы менен окуучулар өз курагында бир эле негизи болгон ишмердүүлүккө эле ээ болуп калбайт.

Ишмердүүлүк дайыма өнүгүп, окуучулардын ар тараптан өнүгүүсүнө салым кошот.

Учурда окутуу процесси эмес окуп үйрөнүү процесси негиздүү. Окуп үйрөнүү процессинде гана окуучуларда билгичтик жана көндүм пайда болот. Билгичтикти көндүмдү калыптандырууда эки негизги аракетти сунуштайбыз:

1. Мазмунду окуучу окуп үйрөнүү үчүн сабактын максатын окуучунун таанып билүүсүнө карата коюу.

Максат коюунун бирден бир ыкмасы болуп SMART – критерийлерди колдонуу эсептелинет.

SMART – критерийлер

- Конкреттүү (Specific)
- Ченелүүчү, өлчөнүүчү (Measurabie)
- Жетише алаарлык, мүмкүн (Achivabie)
- Жыйынтыкка багытталган (Resuit - oriented)
- Конкреттүү мөөнөт менен катыштыгы (Timed)

Максат конкреттүү, кыска жана так жазылышы керек.

Эмнеге жеткибиз келгенин, окуучу кандай билгичтикке, көндүмгө ээ боло ала турганын ачык элестеткенге аракеттенүү, кандай жыйынтык алууну ачык билүү зарыл. Б.а. 40 мин сабакта жетише ала турган максаттар иштелип чыгат. Ошого жараша мазмун тандалат.

SMART критерийлери менен максат коюуда Б.Блумдун таксономиясынын жөнөкөйлөтүлгөн түрү колдонулат.

**Жаратуу**

Жаңы идеяларды, продуктуларды же көз караштарды жаратуу
Жасалгалоо, куруу, пландоо, иштеп чыгаруу, ойлоп табуу.

**Баалоо**

Чечимдердин жүйөөсүн келтирүү же иш аракетти багыттоо
Текшерүү, болжолдоо, сынчыл баалоо, санап көрүү, ойлонуштуруу.

**Талдоо**

Иликтөө же байланыштуулугун түшүнүү үчүн маалыматты бөлүктөргө ажыратуу
Салыштыруу, уюштуруу, карама – каршылыктарды табуу, сурамжылоо, жаңы маалыматтарды аныктоо.

**Колдонуу**

Маалыматты башка бир тааныш кырдаалда колдонуу.
Ишке ашыруу, аяктоо, пайдалануу, аткаруу.

**Түшүнүү**

Идеяларды жана концепцияларды түшүнүү.
Чечмелөө, тыянак жасоо, мисал келтирүү (Сүрөттөө) башка сөздөр менен айтуу, классификациялоо, түшүндүрүү.

**Эстеп калуу**

Маалыматты кайталоо, таап чыгуу, санап өтүү, сыпаттоо, түзөтүү, белгилөө, жаңы маалыматтарды аныктоо.

Булардын ичинен жаратуу, баалоо, талдоо жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүү аракетине кирет.

Жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүү деген эмне?

Окуучулардын жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүүсү маалыматты жана идеяларды бере билүүгө да тиешелүү. Бул нерсе окуучу фактылар менен идеяларды бириктирип, анан синтездеп, жалпылап, түшүнүп, кайсы бир жыйынтыкты болжолдой же анык чыгара алган же чечмелей билген жагдайда болот. Жогоруда белгиленген процесстерди колдонуу аркылуу маалымат менен иштөө, окуучуларга маселелерди чечүү, өздөрү үчүн кандайдыр бир жаңы нерсени түшүнүү же ачуу мүмкүндүгүн берет. Окуучулар билимди тереңдетүүгө катышканда, окуу процессине белгисиздик элементи киргизилет да, натыйжаларды дайым эле анык болжолдоо мүмкүн боло бербей калат; башкача айтканда, окуучунун эмнеге жетише алаарына мугалимдин көзү жетпейт. Билим жаратуу жагынан окуучуга көмөктөшүүдөгү мугалимдин милдети окуучуларды жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүүгө тартуу мүмкүнчүлүгүн пайда кылуучу ишмердикти жүргүзүү же тийиштүү шартты түзүү болуп саналат. (Билим берүү департаменти, Квинсленд, 2002, 1-бет)

2. Окуучуларга билимди, билгичтикти, көндүмдү калыптандыруудагы негизги деп эсептелген экинчи аракет – кайтарым байланышты түзүү.

Кайтарым байланыш – конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер тууралуу комментерийлерди (пикирлерди) алуу процесси. Анда максатка жетүүгө алып бара турган аракеттер тууралуу кабарланат.

Кайтарым байланыштын кызматтары:

- Ийгиликке алып бара турган жана керектүү натыйжа берүүчү аракеттерди колдоо жана баалоо;
- Натыйжасыз жүрүм – турумду өзгөртүү;
- Мотивация, б.а. аракетке карай ички каалоо;
- Үйрөнүү, мурдагы каталар жана натыйжасыздыктан тажрыйба алуу;

Кайтарым байланыштын максаты - адам кийинки сапар ушуга окшогон кырдаалдарда ийгиликтүү аракеттенүүсүн улантуусу же мурда кетирилген каталардан алдын ала билүүсү.

Билгичтикти жана көндүмдү калыптандырууда окуучулар менен кайтарым байланыштын ролу чоң. Аны түз жана кыйыр берүүгө болот. Анда алардын өзүлөрү тууралуу кандайдыр бир жаңы нерсени же кемчилигин жакшыраак билүүгө жардам берет. Бирок, кээде кайтарым байланыш терс сезимдерди калтырып, бизге жакшыраак иштөөгө же окууга жолтоо кылат. Ошондуктан кайтарым байланышты бере жана ала билүү маанилүү.

Кайтарым байланыш түзүү – окуучулардын кандай экенин билүүдө эмес, аларды дүйнө кандай кабылдап жатканында.

Демек, билгичтикти, көндүмдү пайда кылуу окуп үйрөнүүнүн негизги маңызын түзөт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Бекбоев И.Б., Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери, Бишкек «Педагогика века», 2004.
2. Дик Н.Ф., Как стать лучшим учителем, Ростов на Дону, 2006.
3. Кларин М.В., Инновации в мировой педагогике, Ростов на Дону, 1995.
4. Кавтарадзе Д.Н., Обучение и игры, введение в активные методы обучения М., Флинта, 1998.